КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 347/1 2018 жылдын «22» марта

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Башталгыч кесиптик билим берүү Агенттигинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн мамлекеттик жарандык кызматчыларынын ишинин натыйжалуулугун баалоо боюнча комиссия түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо тартиби жөнүндө” Жобосунун 58-пунктунун 2-абзацына ылайык, **буйрук кылам:**

1. 2018-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Башталгыч кесиптик билим берүү Агенттигинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн мамлекеттик жарандык кызматчыларынын ишинин натыйжалуулугун баалоо комиссиясы түзүлсүн.
2. Комиссиянын курамы министрликтин статс-катчысы менен макулдашуу боюнча Башталгыч кесиптик билим берүү Агенттигинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери тарабынан бекитилсин.
3. Министрликке караштуу Агенттиктин жетекчисинин орун басарынын, Ош шаардык башкармалыгынын начальнигинин жана анын орун басарынын жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн башчыларынын жана алардын орун басарларынын (эгерде штаттык ырааттамада каралса) ишинин натыйжалуулугунун жылдык баалоосу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин

мамлекеттик кызматкерлеринин ишин баалоо боюнча комиссиясы тарабынан ишке ашырылат.

4. Мамлекеттик жарандык кызматчылардын ишинин натыйжалуулугун баалоодо келип чыккан талаш маселелерди Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик жарандык кызматкерлеринин апелляциялык комиссиясы карайт.
5. Министрликке караштуу Агенттигинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн мамлекеттик жарандык кызматчыларынын ишинин натыйжалуулугун баалоо комиссиясынын ишин координациялоо максатында, көрсөтүлгөн ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрдүн жетекчилери отчеттук кварталдан кийинки айдын 15не карата (15-апрелине, 15-июлуна, 15-октябрына) кечиктирбестен Укуктук камсыз кылуу жана кадрдык иштер башкармалыгына, mamikeeva2018@mail.ru электрондук дарегине 1-таблицага ылайык кыска маалымат беришсин.
   5.1. Жылдык отчет 15-январына карата 2-таблицага ылайык берилсин.
6. Бул буйрукту министрликтин расмий сайтында жана "Кут-Билим" газетасында жарыялоо Укуктук камсыз кылуу жана кадрдык иштер башкармалыгына (Калдыбай уулу М.) жүктөлсүн.
7. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрликтин статс-катчысы Ж.Ташиевге жүктөлсүн.

**Негизи:** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин баалоо комиссиясынын 2018-жылдын 19-январындагы №2 протоколу.

**Министр** **Г.К. Кудайбердиева**

Мамикеева А.А., 620509
Чотбаева Г.Т., 662578

1-таблица

Ведомстволук/аймактын билим берүү башкармалыгынын/бөлүмүнүн аталышы

| № | ААТ | Ээлеген кызматы | Кызматка дайындалган датасы | Кварталдык баалоосу | Ыйгарылган класстык чени/кадамы/датасы | Мөөнөтү өтө элек тартиптик жазасы (эгерде болсо) | Берилген мөөнөтү өтө элек тартиптик жазанын негизи | Вакanttык кызмат (эгерде болсо)/качан пайда болгон |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |

2-таблица

Ведомстволук/аймактын билим берүү башкармалыгынын/бөлүмүнүн аталышы

| № | ААТ | Ээлеген кызматы | Кварталдык баало | | | | Орто жылдык балл ы | Түзөө баллдары(*) | | | Баллдын жыйынтыгы | Баалоо комиссиянын чечими | | Апелляция | Буйрук |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | I | II | III | IV | | АТ | ЭТ | ЭК | | Баасы | Чечими | | |

(*)АТ - Аткаруу тартиби

(*)ЭТ - Эмгек тартиби

(*)ЭТ - Этика кодекси

2. Комиссиянын курамы министрликтин